УДК: 91 (47) (57.2) (04)

**Шейшеканов Турдубек**
т.и.к., доцент
Ж.Баласагын атындагы КУУ

**ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДАГЫ 1916-Ж. КӨТӨРҮЛҮШТҮН БАШТАЛЫШЫ ЖАНА АНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИ**

**Шейшеканов Турдубек**
к.и.н. доцент
КНУ им. Ж.Баласагына

**НАЧАЛО ВОССТАНИЯ 1916 ГОДА В ЮЖНОМ КЫРГЫЗСТАНЕ И ЕЕ РУКОВОДИТЕЛИ**

**Sheyshekanov Turdubek**
associate professor
Kyrgyz National University
named after Zh. Balasagyn.

**THE BEGINNING OF THE 1916 UPRISING IN SOUTHERN KYRGYZSTAN AND ITS LEADERS**

**Аннотация.** Макалада 1916-жылдагы Түштүк Кыргызстандагы улуттук-боштондук көтөрүлүшүнүн башталышы жана андагы көтөрүлүштүн жетекчилери илимий жактан изилдөөгө алынган. Көтөрүлүштүн келип чыгуусундагы тарыхый өбөлгөлөр, себептер жана шылтоолор тарыхый булактардын негизинде ачылып көрсөтүлгөн. Көтөрүлүштүн өбөлгөлөрүнүн катарында Орусия падышачылыгынын аймактагы ишке ашырган оторчулук саясаты, анын ичиндеги жергиликтүү калктын өз жерлеринен ажырашы, ал жерлерге келгин калктын келип жайгашуусу, бийликтин орусташтыруу сасатынын күч алышы изилденген. Ошондой эле, көтөрүлүштүн себептери, анын ичинде биринчи дүйнөлүк согуштун башталышы менен жергиликтүү элдин жашоо- турмушунун оорлошу, салыктын түрлөрүнүн көбөйүшү макалада тарыхый фактыларды көрсөтүү менен чагылдырылган. Көтөрүлүштүн шылтоосу болуп, Орус падышасынын 1916-жылдын 25-июнундагы жергиликтүү калкты оорук жумуштарына алуу боюнча чыгарган Жарлыгы болгондугу көрсөтүлгөн. Кожентте башталып, тез арада азыркы Түштүк Кыргызстандын аймагына жайылган. Түштүк Кыргызстанда башталган көтөрүлүштүн негизги кыймылдаткыч күчү эл массасы болгон, көтөрүлүштүн башында болуштуктарда жашаган жергиликтүү калктын эр азаматтары турушкан. Түштүк Кыргызстандын аймагына кирген баардык уезддердеги болуштуктарда көтөрүлүш катталган. Бирок, эркиндикти самаган Түштүк Кыргызстандагы калктын боштондук көтөрүлүшү, орус падышасынын жазалоочу аскерлери тарабынан басылган.

**Негизги сөздөр:** көтөрүлүш, өбөлгөлөр, себептер, шылтоо, согуш, келгиндер, жетекчилер.

**Аннотация.** В статье анализируются начало восстания 1916 года в Южном Кыргызстане и действия руководителей этого восстания. Используя исторические источники изучены основные предпосылки, причины и повод восстания 1916 года в данном регионе. Колониальная политика царизма привела к обнищанию местного населения, главное богатство –земля оказалось в руках колониальной власти, с каждым годом увеличивалось количество переселенцев и им отводились лучшие земли местных коренных жителей. В числе причин восстания – это, ухудшение социального положения населения, особенно в годы первой мировой войны. Поводом восстания 1916 года на юге Кыргызстана послужил царский Указ от 25-июня 1916 года о мобилизации на тыловые работы коренных жителей Средней Азии. Местное население выступило против мобилизации и тем самым отказались отправиться на тыловые работы. Восстание началось в Ходженте, а также было подхвачено в других уездах южного Кыргызстана. Восстания происходили во всех уездах и в аилах, а также в городах Ферганской долины. Основными движущими силами восстания 1916 года был простой народ во главе

которых стояли крепкие, смелые и самоотверженные джигиты. Но, царское правительство, используя карательные отряды жестоко расправилось с восставшими.

**Ключевые слова:** восстания, предпосылки, причины, повод, война, переселенцы, руководители.

**Annotation.** The article analyzes the beginning of the 1916 uprising in southern Kyrgyzstan and the actions of the leaders of this uprising. Using historical sources, the main prerequisites, causes and reasons for the 1916 uprising in this region are studied. The colonial policy of tsarism led to the impoverishment of the local population, the main wealth - the land ended up in the hands of the colonial power, the number of settlers increased every year and they were given the best lands of local indigenous residents. Among the reasons for the uprising is the deterioration of the social situation of the population, especially during the First World War. The reason for the uprising of 1916 in the south of Kyrgyzstan was the tsar's Decree of June 25, 1916 on the mobilization of indigenous people of Central Asia for rear work. The local population opposed mobilization and thus refused to go to rear work. The uprising began in Khujand, and was also picked up in other districts of southern Kyrgyzstan. Uprisings took place in all districts and in ayils, as well as in the cities of the Fergana Valley. The main driving forces of the 1916 uprising were the common people, led by strong, brave and selfless horsemen. But the tsarist government, using punitive detachments, dealt cruelly with the rebels.

**Keywords:** uprisings, prerequisites, reasons, cause, war, settlers, leaders.

1914-ж. башталган биринчи дүйнөлүк согуштун жүрүшүндө падышалык Оруссия зор жоготууларга дуушар болгон. Согушуп жаткан орус армиясы жаңы толуктоолорго муктаж болгондуктан, завод, фабрикада, темир жолдо ж.б. өнөр жай ишканаларында иштеген жумушчуларды майданга алуу башталган. Ошол эле мезгилде ооруктагы эл массаларынын социалдык - экономикалык абалы, жашоо шарты оорлогон. Согуштун тийгизген терс таасиринин натыйжасында падыша бийлигине болгон элдин кыжырдануусу күчөгөн. Түркстан чөлкөмүндөгү 1916-ж. элдик-боштондук көтөрүлүшүнүн чыгуусуна, Оруссия падышасынын 1916-ж. 25 – июнундагы Жарлыгы түздөн-түз шылтоо болуп берген. [1].

Жарлык жөнүндөгү кабар 28-июлда Ташкентке жеткен. Жарлыкты ошол эле күнү Түркстан генерал губернаторунун милдетин убактылуу аткаруучу генерал Ерофеев крайдагы 5 облуска таркаткан. Жергиликтүү калк падышанын Жарлыгы жөнүндө угушканы менен, анда көрсөтүлгөн иш чараларды толук түшүнө алган эмес. Түшүндүрүү иштери бийлик тарабынан жетишээрлик деңгээлде жүргүзүлбөгөндүктөн, ар кандай маалыматтар, ушак айыңдар эл арасында таркай баштаган. Мисалы: "Силерди согушуп жаткан армиянын катарына чакырып жатышат ", "силер согушуп жаткан германдар менен орустардын ортосуна барып окоп казасыңар ", "силерге ал жактан чочконун этин жедиришет ", "силерди чокундурат" ж.б. аңыз кептер таркаган. Мындай каңшаар кабарлар карапайым жергиликтүү элдин тынчын алып, дүрбөлөңгө салган. Каңшаар кабарларды таркаткандар негизинен келгин калктын өкүлдөрү болушкан. Себеби, алар кыргыздар ээлеген калган – каткан жерлерди ээлеп алууга кызыкдар болушкан. " Эгерде кыргыз эли көтөрүлсө алар жазаланат, жерлеринен айрылышат. Ал жерлерди келгиндерге бийлик тартып берет "- деген чагымчыл иштерди да жүргүзүшкөн.

Чындыгында эле, Түркстан чөлкөмүн башкаруу жөнүндөгү Жобого ылайык, козголоңго чыккан жергиликтүү калктын жери, мүлкү тартылып алынып келгиндерге берилмек. Падыша Жарлыгынан кийин чыккан элди дүрбөлөңгө салган имиш-имиштер, чөлкөмдөгү коомдук саясий абалды оорлоткон. Бийлик алдын ала чара көрүүгө киришкен, мисалы, келгин оторчул калкты куралдандырып, атайын топторду түзүп, мерчемдүү жерлерге жайгаштырган. 1916-ж. 2 - июлунда Түркстан генерал губернаторунун алдында, Крайдагы облустардын согуштук губернаторлорунун катышуусу менен кеңешме чакырылган.

Бул кеңешмеде 25 - июндагы падышанын Жарлыгын аткаруу боюнча иш чаралар каралган жана облустар боюнча мобилизацияланууга тийиштүү адамдардын саны аныкталган. Жарлыкка ылайык Түркстан чөлкөмү 250 миң адамды ооруктагы жумуштарга топтоп берүүгө милдеттүү болгон. Жарлыка ылайык, падыша өкмөтү жергиликтүү Түркстан калкын “бекер” жумушчу күчү катары караган, аларды каалагандай башкарууну көздөшкөн, көптөгөн төмөнкү чиндеги (даражадагы) аткаминерлерди жана жумушчуларды согуш иштеринен бошотууну максат кылып койгон. Жарлыкты аткаруу боюнча, генерал губернатор Куропаткин чыгарган буйруктун аягында атайын көрсөтмө кабыл алынган. Анда оорук жумушунан бошотулгандардын тизмеси көрсөтүлгөн. Алардын катарында коомдук башкаруудагы кызмат адамдары: болуштар, старчындар, бийлер, төмөнкү чиндеги полиция кызматкерлери, имамдар, молдолор, мударистер, класстык кызмат ордун ээлеген жергиликтүү калктын өкүлдөрү, ак сөөктөр, ардактуу атуулдар ж.б. болушкан.

Элибиздин чыгаан уулу Ж. Абдрахманов: “ Жергиликтүү калк оорук жумуштарына гана алынып жаткандыгына эч ишенген эмес. Мындай шылтоо менен солдатка алынып жаткандыгына дээрлик ар бир адамдын көзү жетип турган. Падышалык армияда эч кимдин кызмат кылгысы келген эмес. Кыргыздар падышалык армияда кызмат өтөөнү ушунчалык жек көрүшкөн ” - деп белгилеген.[2].

Оруссия империясынын колониясына айланган Түркстан чөлкөмүнүн экономикасында, Фергана өрөөнү өзгөчө орунду ээлеп турган. Өрөөн өлкөнү 60-70% пахта, 90% жибек менен жабдыган, чакан өнөр жай ишканалары дагы ушул өрөөндө көп жайгашкан. 1914-ж. Фергана облусунда 309, Сыр-Дарыя облусунда 183 жана Самарканд облусунда 93 гана өнөр жай ишканалары иштеп турган. Фергана облусу жашаган калкынын саны боюнча дагы 1 - орунда турган, б.а. облуста 2 млн ашык калк жашаган. Оруссия падышасынын Фергана өрөөнүндөгү жүргүзгөн оторчулук саясатынын натыйжасында, жергиликтүү калк өз жерлеринен ажырап калышкан. Эгерде, Фергана өрөөнүндөгү калктын жыш жайгашуусун эске алганда, элдин мыкты сугат жерлеринен айрылышы, жергиликтүү жашоочулардын жашоо-турмуш шарттарын өтө эле оорлоткон. Ферганадагы жергиликтүү калктын саясий жана атуулдук укуктарынын тебелениши, алардын улуттук кызыкчылыктарынын четке кагылышы, падыша өкмөтү тарабынан жүргүзүлгөн экономикалык жана руханий жактан жүргүзгөн иш чаралар менен коштолгон. Өзгөчө экономикадагы жер-суу саясаты өтө оор болгон. 1916-ж. өрөөндөгү 60% - 80% сугат жерлерде пахта негизги өсүмдүк болуп өстүрүлгөн, кээ бир болуштуктарда ал көрсөткүч 90 - 95% түзгөн. Пахта өндүрүү товардык өндүрүш катары өнүгүп, азык-түлүк жана дан өндүрүүнү сүрүп чыгарган. Маселен, 1907-ж. Фергана өрөөнүндө 603 206 десятина жерге эгин, 199 994 десятина жерге пахта себилсе, 1910-ж. 485 579 десятина жерге эгин, 235 203 десятина жерге пахта себилген. [3].

1915-ж. жайында пахтага болгон сатып алуу баасынын төмөндөшү жөнүндө атайын мыйзам кабыл алынган.. Өндүрүлгөн пахта төмөнкү баада алына баштаган. Натыйжада, дыйкандар 1 жыл ичинде эле 60 млн. сомдон кол жуушкан. Пахтага болгон туруктуу төмөнкү баа, пахта өндүрүүгө кеткен каражатты актабай калган. Элдин абалы инфляциялык баалардын өсүшү менен, өзгөчө биринчи керектелүүчү, зарыл товарлардын бааларынын өсүшү менен өтө төмөндөгөн. Маселен, 1916-ж. 1915-ж. салыштырмалуу эгинге болгон баа 300%, күрүч жана кантка 250%, нанга 4 эсе, кийим-кечек, бут кийимге 200%ден 350% чейин өскөн. Натыйжада, Фергана өрөөнүндө жашаган калк өтө жакырданган. Түркстан чөлкөмүндөгү улуттук боштондук көтөрүлүшү 1916 –ж. 4 - июлунда Кожентте башталган.[4].

Падышанын Жарлыгына ылайык, оорук жумуштарына алуу боюнча тизмелер түзүлө баштаган алгачкы күндөрдө эле, Кожентеги эл арасында толкундоолор башталган. Шаардын приставы штабс капитан Устилевич уезд начальнигинин буйругун алгандан кийин, жергиликтүү аткаминерлерди чогултуп аларга буйрук берген. Буйрукта оорук иштерине жумушчуларды топтоо боюнча тизме түзүү көрсөтүлгөн. Мындай тизме түзүлө баштаганын уккан жергиликтүү калк, наразылыгын билдире баштаган.[5]. Ошентип,

эски Кожентте башталган нааразычылык, акырындап көтөрүлүшкө айлана баштаган. Көтөрүлүшчүлөрдүн саны кыска мөөнөттө эле 6 -7 миңден ашып кеткен. Көтөрүлгөн элдин башында Абды Мадаминов, Джура Закиров, Додобай Машарапов ж.б. турушкан. Ошондой шартта, Кожент шаарына оторчулук бийлик кошумча жазалоочу аскер күчтөрүн шашылыш түрдө жөнөткөн. Бирок, шаарда, шаар четинде жайгашкан айыл кыштактарда көтөрүлүш улана берген. 21-июлда Коженттеги көтөрүлүштүн башында турушкан 4 адам, бийлик тарабынан камака алынат. Аларды камактан бошотуп алуу үчүн Ура –Төбө шаарчасынын эли көтөрүлөт. Кожентке келе жаткан көтөрүлүшчүлөрдүн чоң тобун бийлик күч колдонуп араң токтотот. Ошентип, 1916-ж Түркстандагы улуттук боштондук кыймылы Кожент шаарында башталып, тез эле бул чоң аймакты өз кучагына камтыйт. Коженттеги көтөрүлүш, андагы болгон кандуу окуялар жөнүндөгү кабар тез эле коңшу уезддерге тарайт.

Коженттеги кандуу окуялардан кийин, Фергана облусунда биринчилерден болуп Анжиян шаарынын эли 9- июлда көтөрүлгөн. Себеби, ошол күнү падышанын оорук жумуштарына алуу жөнүндөгү Жарлыгына каршы Анжиян шаарынын эли толкуй баштаган. Чогулган миңдеген адамдар падышанын оорук жумушуна жумушчуларды алуу жөнүндөгү Жарлыгына каршы экендиктерин ачык айтып чыгышкан. Элдин алдына чыккан уезд башчысы Жарлыкты түшүндүрүүгө аракет жасай баштаганда, чогулган эл “ жумушка барбайбыз” деп толкуй баштаган. Элдин сүрүнөн корккон уезд башчысы качууга аргасыз болгон. Бирок, жазалоочу аскерлердин келиши менен, уезд башчысы элди таркап кетүүгө чакыра баштаган, ошондой шартта да эл таркабай, кагылышуу болуп кеткен. Натыйжада, жазалоочулардан жана чогулган элден жоготуулар болгон, бир нече адам өлгөн, алардын арасында бир болуштун баласы да болгон. Бул көтөрүлүштүн шылтоосу да Коженттегидей эле, оорук жумуштарына мобилизациялоо жөнүндөгү падышанын Жарлыгы болгон.[6].

10 - июлда Анжиян уезддинин Алтын-Көл болуштугунун тургундары көтөрүлүшкө чыгышкан. Алар болушту жана анын эки жигитин ур токмокко алышкан. Эртеси күнү кечинде, Анжияндын чет жагынан бир нече жигиттердин жана болуштун өлүктөрү табылган. 11 - июлда Базар- Коргон болуштугунун жашоочулары көтөрүлгөн. Алардын кыжырлануусу, бардык жерлердегидей эле, жергиликтүү аткаминерлерге каршы багытталган. Көтөрүлгөн эл Чаума кыштагынын башчысынын үйүн талкалап, иш кагаздарын өрттөп, идиш-аяк, оокаттарын сындырып, башчыны муунтуп өлтүрүшкөн. Көтөрүлүшчүлөр Базар-Коргон болуштугунун малын жана чарбасын каттаган кызматкерлерге кол салган. Оторчулук бийликтер каттоону токтото турганга аргасыз болушкан. Көтөрүлүштүн күчөп кетүүсүнөн коопсузданган Анжиян уезддинин башчысы, жогору жактагы бийлике жардам сурап кайрылган. Ал, 1916-ж. 11-июлунда Түркстан генерал губернаторуна жөнөткөн телеграммасында: “ Уезддин кыштактары ар кайсы жерлерде жайгашкандыгына байланыштуу, эң аз дегенде жүз (казак) командалыгын жөнөтүүңүздү суранам”1 деп көрсөткөн. [7].

Жазалоочулардын саны көбөйтүлүп, күчөтүлгөнү менен, бийликтегилер көтөрүлгөн элди тынчтандыра алышпаган. 12-июлда Анжиян уезддинин Балыкчы болуштугунун калкы көтөрүлгөн. Көтөрүлгөн эл Халмурат- Курган кыштагынын элүү башчыларын өлтүрүшкөн жана болуштун жигиттерин ур токмокко алышкан. Ушул эле күнү Нарын болуштугунун эли да көтөрүлгөн, айыл башчысы куугунтукка алган топтон араң кутулган.[8]. Ошол эле күнү Ярбани болуштугунун Бек-Абад кыштагынын тургундары айыл башчысына кол салышкан, бирок, ал качып кетүүгө үлгүргөн. Кийинки күнү өзбектер менен бирге Жал-Кудук болуштугунун Султан-Абад аймагындагы кыргыздар көтөрүлүшкө чыгышкан. Алар Кызыл-Аяк коомунун башчысын жана анын катчысын өлтүрүшкөн. Бул жердеги куралсыз топко каршы жазалоочу курам жөнөтүлгөн. Үч көтөрүлүшчү өлтүрүлүп, 31 адам жазалоочулардын колуна түшкөн. Балыкчылыктар менен биргеликте Алтын-Көл болуштугунун жашоочулары айыл башчысын өлтүрүүнү көздөшкөн, бирок аны таба албай калган соң үйүн талкалашкан. Ошол эле болуштуктагы Мир-Абад кыштагынын көтөрүлүшчүлөрү, жергиликтүү бийликтен тизмени талап кылышкан,

аларды саткындар деп айып коюп, күнөөлөп жана үй жайларын талкалап салышаарын айтып коркутушкан. Ошондой эле, Жал-Кудук болуштугунун Кутарма кыштагынын эли да көтөрүлгөн. Жергиликтүү айыл башчысын өлтүрүүгө аракет кылганы үчүн Нарын болуштугунун Избаскент аймагынын калкын оторчулук бийлик катуу жазага тарткан. 13- жана 14-июлда Массан, Майыр жана башка болуштуктардын жашоочулары жергиликтүү падыша атка минерлерине кол салышып, алардын үйлөрүн жана оокаттарын жок кылышкан. Ходжа –Абад кыштагынын тургундары ар үй-бүлө катталган тизмелерди берүүнү башчылардан талап кылышкан. Көтөрүлгөн элдин талабын аткарганга каршы болгон кызматчыларды ур соккуга алышкан. Ушул сыяктуу толкундоолор Урманбек кыштагында да орун алган. Бул кыштактын башчысы да качууга аргасыз болгон. Аны көтөрүлүшчүлөр куугунтукка алышкан. [9]. Анжиян уезддинин тоолуу райондорундагы көтөрүлгөн эл айылдын башчыларын уруп согуп, үй-бүлөөлөр катталган тизмелерди тартып алып, аларды жок кылышкан жана падыша өкмөтүнүн өкүлдөрүнө да кол салышкан. Кээ бир оорук жумуштарына чакырык алган үй-бүлөөлөр, алыскы Теңир-Тоо аймактарына көчүп кетишкен.[10]. Ош уезддиндеги Булак-Башы болуштугундагы Кожо-Абад жана Чакар кыштактарындагы кыргыздардын көтөрүлүшү 11- июлда башталып көтөрүлүшчүлөр болуштан тизмени талап кылышкан. Бирок, болуш тизмени берүүдөн баш тарткан. Көтөрүлүшчүлөр чечкиндүү иш аракеттерин баштаганда, болуш жана старчындар качып кетүүгө үлгүрүшкөн. 12- июлда көтөрүлүшчүлөр болуштун бир тууганынын үйүнө келишип, үй мүлкүн талкалашкан. Кийинки күнү 200 ашык көтөрүлүшчү элүү башчыларга кол салышкан. 14-июлда алардын үй мүлкүн дагы талкалашкан. Ошентип, Булак-Башы болуштугунда 4 күн бою туруксуз абал өкүм сүргөн. Бул болуштуктагы элдик көтөрүлүштүн башында жетекчилик ролду Жоро Исманкулов, Ширмат Халмат Ходжиев, Тиллабай Мамасалиев, Усман Ташалиев, Раджаб Ташалиев, Якуб Курбан Алиев, Жолдош Сулайманов жана Осмон Ташалиев аткарышкан. [11]. Элдик толкундоолордон чочулаган Фергана облусунун аскер башчысы генерал – лейтенант Гиппиус 1916-ж. 15-июлунда “ Фергана облусу боюнча жергиликтүү элден оорук жумуштарына алуу жөнүндөгү ” жарыясын элге түшүндүрүү максатында: “ Ушул жылдын июнь айынын 25-күнү, согушуп жаткан аскердин артындагы оорук жумушуна азирети улук Император орус мамлекетинин орус эмес калкынан чегүү жөнүндө буйрук этти. Бул бийик буйрук, кыңк этилбей жүзөгө ашырылышы ылаазым. Ушунчалык улук талаптын мааниси, кыңыр түшүнүлүп калбасы үчүн бир сыйра ачык чечмелеп караш пайдалуу деп эсептейм. Чегилген орус эместер согушка кирбейт, бар болгону, аскердин артындагы оорук жумушун, демекчи жол, көпүрө оңдоо сыяктуу иштерди кылат, бул өз үйүндө иштеп көнгөн эле иши болот. Ишке жараганы кетип, өз чарбасы бошоңдоп калбасы үчүн кам көрүлүп, ишке жарамдуу бүлөнүн баарын эмес, алгачкы учурда 5 түтүндөн бирден гана жумушчу алууну бүтүм кылды өкмөт. Кудай берсе согуш бүтөт, жумушчунун кереги да жок болуп калат. Жергилик калк, өкүмдарыбыздын чакырыгына мекенибиздин азаматтары катары кубаныч сезим менен астейдил мамиле кылышка үндөйм, ошондой эле орус куралынын жеңишинде орус эмес жергиликтин да көрөр таалайы, багы бары, ырас, жеңиштен соң Ферганалык да Азырети Өкүмдардын эркин астейдил аткара алдык деше алат”1- деп элге кайрылуу жасаган. [12]. Бирок, элдин толундоолору ал кайрылуудан кийин да токтобой улана берген. 24- июлда Үч-Коргондо, 27- июлда Булак-Башыда толкундоолор кайра башталган. Бирок, Оштон келген жазалоочу отряд менен болгон кармашта, 3 адам өлүп, 15 адам камалган, ошондон кийин көтөрүлүш басылган. [13]. Июль айынын аягында Ош шаарындагы Сулайман тоонун этегине Төлөйкөн, Ноокат аймактарынан келишкен 10 миңге жакын эл оорук жумуштарына баруудан баш тартышып наразылык жыйын уюштурушкан. Жыйналган элдин алдына Ош уезддинин башчысы Алексеев, жергиликтүү бай Бабажан Ходжаев жана молдолор чыгып сүйлөшүп, элди оорук жумуштарына барууга үндөшкөн. Бирок, кыжырданган эл “ согушпайбыз ”, “ балдарыбызды бербейбиз ” деп , кыйкырышып , оорук жумушуна үндөгөндөрдү таш бараңга алышкан. Бийлик 100 гө жакын солдаттар жана казак-орустар менен ал жердеги тополоңду араң басышкан. [14].

25-29 - июль күндөрү толкундоолор Өзгөндө, Гүлчөдө орун алган, бирок, бийлик кыса баштаганда наразы болгон эл тоо арасына качып кетишкен.[15]. 24 - июлда Үч-Коргондо, 27- июлда Булак-Башыда толкундоолор кайра башталган. Бирок, Оштон келген жазалоочу отряд менен болгон кармашта, 3 адам өлүп, 15 адам камалган, ошондон кийин көтөрүлүш басылган.[16]. Кокон уезддиндеги жашаган өзбек жана кыргыз элинин толкундоолору да күчтүү болгон. 8-июлда Найман кыштагынын тургундары көтөрүлүшкө чыгышкан. Бул чыгууга, бардык жерлердегидей эле, оорук жумуштарына мобилизациялоо жөнүндөгү падышанын Жарлыгы шылтоо болгон. Кийинки күнү Араван болуштугунун эли чыгышкан. Таң эрте Газы-Яглык кыштагынын болуштук башкармачылыгынын кеңсесинин алдында, аялдардан жана жаш балдардан турган топ чогулган. Кеңседе болуш, анын катчысы, жигиттери жана айыл башчысы болгон. Топтолгон элдер болушту бардык эркектерди тизмеге алып жатканы үчүн, аларды оорук жумуштарына чакырып жаткандарын айтып күнөөлөшкөн. Болуш чакырылгандардын тизмесин топтолгон элге берүүгө аргасыз болгон, бирок, эл буга канаатанган эмес. Алар, тизмелерге болуштун кол коюп жана мөөр басышын, балдарды оорук жумуштарынан бошотулсун деген кепилдик берүүсүн талап кылышкан. Бул талаптарды аткарганга каршы болгон болушту жана аны тегеректеп турган аткаминерлерди курчоого алышкан. Кагылышуунун натыйжасында болуш, анын катчысы жана жигиттери өлтүрүлгөн, тизмелер жок кылынган. Бирок, айыл башчы жана бир нече башка кызматчылар кутулуп кетишкен. Көтөрүлгөн Араван элине каршы 25 куралдуу аскерлерден жана полициялардан турган жазалоочу курам жөнөтүлгөн, алар көтөрүлүшчүлөрдүн каршылыгын аёосуз басып, 316 адамды камакка алган, алардын ичинен 29 курагы жете элек жаш өспүрүмдөр болгон. [17]. 9-июлдан 10 на караган түнү Кокон уезддинин Яны-Курган болуштугунун тургундары көтөрүлүшкө чыгышкан. Алар айыл башчысынын оокаттарын талкалап, үйүн өрттөп жиберишкен, үй-бүлөөлөрдү каттоого алган тизмелерди жок кылышкан.[18].

11-июлда Ганджирван болуштугунун калкы көтөрүлгөн. Көтөрүлүшчүлөр болуштун кеңсесин курчап алган жана чакырылгандардын тизмесин талап кылышкан, бирок, болуш жашыруун жол менен качып кеткен. Ызаланып калган эл анын үйүн талкалоого киришкен. "Биз силерге баш бербейбиз жана эч кимди оорук жумуштарына жибербейбиз "-деп жарыялашкан. Ал жерге келген 42 адамдан турган жазалоочу курамга катуу каршылык көрсөтүшкөн. Алар, элди бийликке баш ийбөөгө чакырган. Көтөрүлүштүн уюштуруучулары чакырылууга жашы жеткен жигиттер болгон. Кыштактын калкы приставага кол салышкан, ал качып кутулган. Кудашев болуштугунун эли болушту өлтүрүү максатында анын үйүн курчап алышкан, бирок, болуш качып кутулууга үлгүрүп, Кокон уезддинин башчысы жайгашкан жайга барган. Бул аймактагы көтөрүлүш да күч менен басылган, анын 18 катышуучусу камакка алынган. [19].

12-июлда Кокон уезддинин Язовин болуштугунда толкундоолор болуп өткөн. Көтөрүлүшчүлөр тарабынан Язовин болуштугунун башчысынын үйү өрттөлүп, элүү башчы өлтүрүлгөн жана үйү тонолгон. Ошол учурда болуштукта жүргөн аймактык приставага 650 дөн ашык көтөрүлүшчүлөр кол салууга чогулушкан, бирок, аны кээ бир адамдар эскертип койгондуктан ал жашынып калганга жетишкен. Көтөрүлгөн элдин кызыкчылыгын сатып риставды эскертип койгон адам көтөрүлүшчүлөр тарабынан өлтүрүлгөн.[20]. 13-июлда Аваль болуштугунун тургундары оорук жумуштарынан баш тарткандыктарын жана эч кандай бийликке баш ийбестигин жарыялашкан. Аларга каршы пулемет менен куралданган аскер ротасы жөнөтүлгөн. Көтөрүлгөн эл коркушпай жазалоочуларга каршы турушкан. Алар "Ур!", "Жумушчуларды бербейбиз" деген кыйкырыктарды уланта беришкен. Бирок, көтөрүлүшчүлөр куралдуу жазалоочуларга көпкө каршы тура алышкан эмес жана тарай баштаган. Алардын ичинен 70 адам камакка алынган. Кийинки күнү Марихан кыштагынын эли да көтөрүлгөн. Алар оорук жумуштарына чакырылгандардын тизмесин талап кылышып, эгерде жергиликтүү кызматчылар каршылык көргөзүшсө өлүм чарасын колдонушарын айтып коркутушкан.

“Биз эч кандай жумушка жана аскерге барбайбыз ”деп кыштактын тургундары жарыя кылышкан. Бирок бул көтөрүлүш да ийгиликсиз аяктаган. [21].

10-июлда эски Маргалаңдын эли көтөрүлгөн, борбордук аянтка чогулган элдин саны 20-25 миң адамга жеткен. Алардын арасында аялдар да аз эмес болгон. Падыша аткаминерлери келе электе эле, чогулгандар оорук жумуштарына эч кимди бербей тургандыктарын билдиришкен. Оторчулук бийликтин өкүлдөрү аянтка келишкенде чогулган элдин арасынан “ Бербейбиз!”, “ Ур аларды!” деген кыйкырыктар чыккан. Маргалаңдын полиция башчысы, 1916-ж 10-июнундагы өзүнүн рапортунда: “ Чогулган элди эч бир ыкма менен токтотууга мүмкүн эмес эле, алардын кыйкырыгынан, сөз айтууга эч мүмкүнчүлүк болгон эмес. Ошентип, 10 мүнөткө чейин чогулган эл, мени курчап, алдымдагы тактаны сындырышты, ушул эле учурда аркага жана капталга бир нече сокку алдым.Жалгыз револьвер менен топтолгон элдин курчоосунан бошонуп, чайхананын арткы дубалынан чыгып кеттим. Ал жерден атка секирип минип уезддик базарды айланып качтым ” - деп көрсөткөн. [22]. Полиция башчысы качкандан кийин, жергиликтүү төрт аксакалдын бири чогулган элди тынчтандырууга аракет жасаган, бирок, көтөрүлгөн эл ага союлдарды жана таштарды ыргытып баштаган. Ал элдин арасында тебелендиде калган. Көтөрүлүшчүлөр дагы бир шаар аксакалын жана үч полицияны өлтүрүшкөн. Андан кийин алар таркап кетишкен жана өзбек кыштактарында жана кыргыз айылдарында жашынышкан. Бийлик жөнөткөн жазалоочу курам келээри менен толуп турган борбордук аянт бош калган. Биринчи эле күнү 63 адам камакка алынган. [23]. Кийинки күнү Скобелев уездинин Файзабад болуштугунда көтөрүлүш башталган. Көтөрүлүшчүлөр мечиттин короосунда жергиликтүү сотту бычактап өлтүргөн. Алар болушту да өлтүрүүгө аракет жасашкан, бирок, ал качып кутулган жана жазалоочу отряд алып келген. Көтөрүлүштүн катышуучулары жазалоочуларга таш ыргытышып каршылык көргөзүшкөн. Ошол эле күнү, Якотут болуштугунун эли да көтөрүлгөн. Алар болуштун башчысынын үйүнүн жанына чогулушкан, бирок, болуш качып шаардагы уезд башкармачылыгына жашынган. Көтөрүлүшчүлөр анын уулун сабап, үйүн талкалашкан. Бул жерге келген жазалоочу аскерлер менен да кармашып, бирок жеңилип калышкан, 11 адам өлтүрүлгөн. [24]. Элдик көтөрүлүш Наманган уездин да каптаган. 11-июлда, эртең менен Наманган эли эски шаардын борбордук аянтына чогулушкан. Алардын саны тез көбөйүп, бир канча миң адамга жеткен. Алардын арасында аялдар жана балдар да көп болгон. Жергиликтүү элдин малдарын жана чарбаларын каттоо комиссиясы жайгашкан имарат көтөрүлүшчүлөр тарабынан талкаланган. Чогулган эл үй-бүлөөлөр катталган тизмелерди жана комиссиянын иш-кагаздарын таап чыгышып, болуш башкармачылыгынын мекемесинин короосунда өрттөп жиберишкен. Бул учурда келип калган жазалоочу курам 120 адамды камакка алган.[25].

Кийинки күнү Кыргыз-Курган болуштугунун эли көтөрүлгөн. Үй-бүлөө тизмелерин топтолгон эл тартып алган. Болуш качып кутулган.14-июлда Чиндаул кыштагынын жашоочулары, Янеш-Курган аймактык приставга “ үй-бүлөөлөрдү тизмеге алууну токтотуш керек”- деген талап коюшкан. Алар буга чейин түзүлгөн тизмелерди берүүсүн дагы талап кылышкан. Аймактык көзөмөлдөчү чогулган элдин көп экенин, жана кыжыры кайнап турганын көрүп алардын талабын аткарганга аргасыз болгон. Үй-бүлөөлүк тизмелердин биринчи вариантын аларга берип, жаңысын өзүнө алып калган. Наразы болгон эл болуштун короосун курчаган. Ал көзөмөлдөөчү кайтаруучу адамдары менен аймактык приставдын короосуна жашынган. Эптеп ок чыгаруу менен курчоодон чыгып, Наманганга качып кеткен. Аны менен бирге жергиликтүү аткаминерлер да качышкан. Аларды кыштактын жашоочулары жана коңшу кыштактардын дыйкандары болуп биргеликте аңдышкан. Бирок, көтөрүлүш күч менен басылып 80 адам камакка алынган.

Наманган уездине караштуу Найман болуштугундагы оорук жумуштарынан баш тарткан жигиттерди Токтонаалы Бекболотов жетектеп, оорук жумуштарынан толук баш тартышып, жигиттер тоо арасына кетип калышкан. Аларды болуш бир нече жолу кайтарууга аракет жасаган, бирок, алар тоодон октябрда гана жакага түшүшкөн. [26]. Кызыл

–Жар, Ак-Жол, Теген болуштуктарындагы жаштарды Чыны (Сыны) айылынын тургуну Таласбай Алыбаев жетектеп оорук жумуштарынан баш тарттырган. Анын жакын жардамчылары болгон Чыныкбай жана Саркул аттуу жигиттер да жаштарды оорук жумуштарынан баш тартууга жана ачык көтөрүлүшкө чакырган. Таласбай жетектеген жигиттер болушка жана башка кызмат адамдарына кол салышкан, аларды ур токмоко алышкан. Кийин аларды бийлик колго түшүрүп, жазалоочу аскерлер тарабынан" козголоңчулар" - деп күнөө коюлуп ур токмокко алышкан. [27]. Нарке уулу Анарбектин эскерүүсүндө: " ... 1916-жылкы көтөрүлшкө Кызыл –Жарлык Таласбай Алыбаев менен бирдикте Жумаш, Бектен, Нарке, Чонор, Чоробай сыяктуу эр-азаматтар, ошондой эле кытай, кырк уул, багыш, мачак, саруу, чүкө, ашык сыяктуу уруу-уруктар орус падышасынын аскерлери менен кагылышкан. Согуштук аракеттер тең келбегендиктен көтөрүлүшчүлөр жан сактоо үчүн Бозбу, Кызыл-Капчыгай, Алаң аскасына качууга аргасыз болгон. Кара-Суудагы Түрдүк капчыгайында чоң салгылаш болгон, ал жерде күнү бүгүн да коргонуу үчүн курулган таштардын орду сакталып турат, ... жигиттер Мечиттин үңкүрүндө, Алаң, Муз-Төр тарапта каршылык көрсөткөн. Бийликтин бул аракетине Таласбай Алыбаев баш болгондор каршы чыккан"-деп көрсөтүлгөн. [28]. Чүкөтаев Таанбайдын эскерүүсүндө: " Таласбай Алыбаев Чонор аттуу жигитин Кетмен-Төбөлүктөргө биргеликте оруска каршы күрөшүп, андан Талас, Чүй, Нарын жана Ысык-Көл кыргыздары менен биригүү керектигин чабармандарынан айтырууга аракеттер болгон"- деп айтылат. [29]. Наманган уезддине караштуу Суусамыр жана Чаткал болуштуктарындагы " козголоңчуларды " тынчытууну көздөп Фергана облусунун аскер губернатору Түркстан генерал-губернаторунан кошумча аскер күчүн жөнөтүүнү өтүнүп, 1916-ж. 18 - августунда телеграмма жөнөткөн. Ал телеграммада: " Наманган жана Анжиян уезддери тынч эмес " козголоң " уланууда, 1 же 2 пулемет менен куралданган 50 казак-орустан турган отрядды жөнөтүңүз" - деп өтүнгөн.[30]. Ал эми Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү көтөрүлүш жөнүндө Токтогулдук тургундар Мусулманкул Умаров, Сасыке Боталиев жана Дөөлөтаалы Нурманбетов төмөндөгүдөй эскеришет: "Чындыгында эле, Кетмен-Төбөдөгү көтөрүлүшчүлөрдүн башында жетекчилик ролду Жаныш Какиев аткарган. Анын жакын жрдамчылары Борулдай Жакыпов жана уста Молдоалы Шоруков болгон. Мендикер жөнүндөгү указ чыккандан кийин мурун салыктан, ат алуудан кыжыры кайнаган кедейлер куралдарын алып, күрөшкө даярдана башташты. Ошого окшогон кедейлерди салыктан жапа чеккен, 1915-жылы жалгыз атынан ажыраган Жаныш Какиев деген кедей чогулта баштады. Мендикер жөнүндө указ чыккандан кийин, бир жума өтпөй Жаныш Какиев баштаган 150 гө жакын куралданган жигиттер Сары-Дөбө жайлоосунан Жолубек деген токой арасына кетишкен. Жигиттердин арасында көрүнүктүүсү Жаныш өзү, Борулдай Жакыпов жана уста Молдоалы Шоруков болгон. Молдоалы Жолубектин токойунун арасына өзүнүн устачылык аспаптарын алып барып түтөтмө мылтык, найза, шылк этме, чокмор жасай баштаган. Алардын саны барган сайын көбөйгөн. Көтөрүлүштүн башчысы Жаныш Какиевдин оюу боюнча төмөнкү максатка келишкен. Төрт болуш эл боюнча мендикер жыйууга келген Кагановичтин солдаттарын талкалоо, жек көргөн бий, болуштарды өлтүрүүмендикерге киши жөнөтпөө болгон. Жаныштын өзү түндүктөгү элдер менен катнашып турган. Анын оюу көтөрүлүштү түндүктүн эли менен бир чыгаруу болгон экен. Биринчи барып келгенинде. Көтөрүлүш чыга элек экен деп келген. Экинчи жолу барганында түндүктүн эли көтөрүлүш жасап, өлгөнүнөн калганы Кытайга качып ккеткенин угуп келген. Ушуну менен Жаныш жигиттерине келип болгон окуяны айтып, көтөрүлүшкө чыкпоого макул болушкан" -деп эскеришкен. [31]. Ак-Жол болуштугундагы жаштарды жетектеген Сасыке Тыналиев болгон. Ал топтогон жигиттердин катарына Каравандан келген жаштар да кошулуп, оорук жумуштарынан баш тартышкан. [32].

Ошентип, 1916-ж. элдик - боштондук көтөрүлүш Фергана облусунунн бардык уезддеринде: Скобелев, Анжиян, Кокон, Наманган жана Ош уезддеринде башталган. Фергана облусундагы болгон көтөрүлүштөрдүн 14 тү кандуу кагылышуулар менен аяктаган.

Фергана өрөөнүндө болгон элдик көтөрүлүштөрдө, кыжырданган эл падышалык аткаминерлерди, жергиликтүү бийлик өкүлдөрүн: болуштарды, старчындарды, көпөс соодагерлерди өлтүрүшкөн. Жер жерлерде оторчул бийликтин аткаминерлери, өз кызмат ордуларын таштaшып, жанын сактоого жан талашып, качууга аргасыз болушкан. Фергана облусундагы көтөрүлүштү басуу максатында Гиппиус амалкөйлүккө барган. Ал облус боюнча жаңы буйрука кол койгон. Анда, жергиликтүү калк өз каалоосу менен гана тылдагы иштерге жөнөтүлөт деп айтылган. [33]. Бул буйрук жарыя болгондон кийин Фергана облусундагы көтөрүлүштөр басаңдаган. Бирок, Гиппиустун бул буйругуна Ташкенттеги Край бийлиги каршы оюн билдирип, аны Ташкентке чакыртып алган. Анын ордуна Жызакта кан төккөн чапчаң генерал Иванов дайындалган. Ферганадагы көтөрүлүш жазалоочулар тарабынан басылгандан кийин, кыргыз элинин боштондук кыймылын колдогон кээ бир инсандар, Түндүк Кыргызстандагы август айында башталган көтөрүлүштөн кабар алып, байланышып турушкан. Бул жөнүндө Түркстан райондук бөлүм башчысынын Түркстан крайынын генерал –губернатору А. Н. Куропаткинге жөнөткөн билдирүүсүндө айтылат. Анда: "... переводчик Андижанского уездного управления Сулейман Келгенбаев отправил бывшего переводчика нотариуса Хаккула и своего родственника киргиза, служившего ранее на почте, в Семиреченскую область для сообщения главарям бунтующих киргизов Семиреченской области о настроении туземцев Андижанского уезда, которые якобы с нетерпением ожидают прихода киргизов для избавления от русских, ... лица посланные Келгенбаевым, выехали через Джалал-Абад и Кугазин ( Көк - Арт. Т.Ш.) по направлению на ст. Атайка, ... туземцы Андижанского уезда за последнее время действительно проявляют повышенный интерес к происходящим в Семиречье событиям, среди них ходят слухи, что киргизы помогают немцам и китайцам, они молятся на успехи мусульман против русских и ожидают избавления от русского владычества при посредстве Семиреченских киргизов, ... по дороге в Семиреченскую область Хакул проезжал через с. Кугарт уже совместно с четырьми выясненными киргизами. Таким образом, путем прверки вполне установлен факт посылки переводчиком Келгенбаевым киргиза Хакула в Семиреченскую область"–деп айтылат. [34]. Демек, Түштүк Кыргызстандагы көтөрүлүш басылгандан кийин, ал жактагы кыргыздар Түндүк Кыргызстандагы көтөрүлүштү колдоого алып турушкан. Буга далил катары дагы бир официалдуу документке таяналык. Түркстан райондук кайтаруу бөлүмүнүн башчысы полковник М. Н. Волков Фергана облусундагы Анжиян уезд башчысынын наамына жөнөткөн билдирүүсүндө: "...туземцы Ферганской области с напряженным вниманием следят за движением в Семиреченской области и говорят, что напрасно они не учинили вооруженного выступления одновременно с киргизами, которые перед восстанием прислали письма в Ферганскую область к волостным управителям, происходящим из киргизов, с просьбой учинить одновременно восстание. Между прочим, известно, что Наукентский волостной управитель Андижанского уезда Мулла-пияз получил подробное предложение и дал слово принять меры к вовлечению населения своей волости к учинению восстания, как только восставшие киргизы Семиреченской области перейдут границы Ферганской области" – деп айтылган. [35]. Чындыгында эле, Түштүк Кыргызстандагы көтөрүлүштүн, толкундоолордун, наразычылыктардын башында турган айрым бир жетекчилер, Жети –Суу облусундагы Пишпек жана Пржевальск уезддериндеги башталган көтөрүлүш жөнүндө кабардар болушкан. Ал жетекчилер түндүк кыргыздардагы көтөрүлүштүн жол башчылары, жетекчилери менен кабарлашып, абалды билүүгө кызыкдаар болушкан. Тилеке каршы, Түндүк Кыргызстандагы көтөрүлүш кандуу басыла баштагандан кабар алгандан кийин, Түштүк Кыргызстандагы толкундоолор биротоло басылган.

Түштүк Кыргызстандагы улуттук-боштондук кыймылдагы орун алган толкундоолордун, наразычылыктардын оторчулук бийлик тарабынан тез арада басылып калышы, ал аймактагы орун алган бир нече өзгөчөлүктөр менен түшүндүрүлөт.

Биринчиден, Түштүк Кыргызстан Түркстан крайынын борбору Ташкент шаарына жакын жайгашкандыктан колониал-

дык бийлик өкүлдөрү элдик толкундоолорду басуу боюнча ыкчам чараларды көрө алган. Регулярдуу аскер күчтөрүн, казак-орустарды толкундоолорду басууга тез арада жөнөткөн.

Экинчиден, жергиликтүү төмөнкү бийликтин өкүлдөрү болуштар, бийлер, старчындар жана дин кызматкерлери, көтөрүлүшчүлөрдү колдобой, тескерисинче колониалдык бийликтин иш аракеттерин, ошонун ичинде Падышанын Жарлыгын колдоого алышкан. Ошол себептен, Түштүк Кыргызстандагы улуттук-боштондук кыймылдын мүнөзү, кандайдыр бир деңгээлде антифеодалдык мүнөзгө ээ болгон. Ал эми, Түндүк Кыргызстанда болсо манаптар, болуштар, бийлер (алардын көчүлүгү. Т.Ш.) көтөрүлүштө жол башчылык, жетекчилик ролду ойношкон, айрымдары “ хан “ даражасына ээ болушкан.

Үчүнчүдөн, жергиликтүү колониалдык админстрация өкүлдөрү падышанын Жарлыгын элге түшүндүрүү боюнча бир кыйла иштерди аткарууга жетишкен. Алар ар кандай ыкмаларды (алдоо, убада берүү ж.б.) колдонушкандыктан оорук жумушуна алуу ишке аша баштаган.

Төртүнчүдөн, Түндүк Кыргызстанга салыштырмалуу Орус империясынын жерди колонизациялоо саясаты Түштүк Кыргызстанда кеч башталган жана келгин калктын саны аз болгон.

Бешинчиден, Түштүк Кыргызстандагы боштондук кыймылы локалдуу толкундоолор, нааразылыктар менен чектелип, Түндүк Кыргызстандагыдай куралдуу көтөрүлүш деңгээлине жете алган эмес.

**Колдонулган булактар жана адабияттар:**


1. Восстание 1916 года в Средней Азии и Казахстане: Сб. док. М.: Изд-во АН СССР, 1960, с.25.
2. Абдрахманов. Ж. Кыргыздардын 1916-жылдагы көтөрүлүшү жөнүндө. Үркүн, Бишкек, 1993, 36-б.
3. Аминов А., Бабаходжаев А. Экономические и политические последствия присоединения Средней Азии к России. Т., 1966, с .74.
4. ЦГА РУз. ф.1, оп.31, д. 1132, л.12.
5. ЦГА РУз. ф.1, оп.31, д. 1132, л.162.
6. Усенбаев. К. Восстание 1916 г. в Киргизии, Ф.1967, 158-б
7. ЦГА РУз. ф. оп. 31, д. 32, л.58-59.
8. ЦГА РУз. ф.1, оп 31, д. 1132, л.158.
9. Усенбаев. К. Восстание 1916 года в Киргизии. Ф. 1967. с.160.
10. Усенбаев. К. Восстание 1916 года в Киргизии. Ф. 1967. с. 48, 147-49, 172-173.
11. ЦГА РУз. Ф.276, оп.1, д. 151, л. 64.
12. ЦГА РУз. ф. кпт. 11, д.1332, л. 36., Т.Касымбеков. Кыргын: Тарыхый роман. - Б., ААК “ Акыл”, “Бийиктик,” 2004, 160-б.
13. Дж. Меджитов. Восстание киргизов в 1916 году. КР УИА кол жазмалар фонду. Инв.№137, л.120-121.
14. Ош шаарынын тургуну Ахмедалы Разахуновдун (1889-ж. туулган) эскерүүсү //1916-жылкы Кыргызстандагы көтөрүлүш. – Б., 1996. – 317-319-б.б.
15. Восстание 1916 года. Документы и материалы. – Б., 2015. –с.14.
16. Дж. Меджитов. Восстание киргизов в 1916 году. КР УИА кол жазмалар фонду. Инв.№137, л.120-121.
17. ЦГА РУз. ф.1 оп, 31, д. 1132, л.95.
18. Усенбаев. К. Восстание 1916 года в Киргизии. Ф. 1967. с. 162.
19. ЦГА РУз, ф.1, оп.31, д. 1132, л.52.
20. ЦГА РУз, ф.1, оп.31, д. 1132, л.154.
21. ЦГА РУз, ф.1, оп.31, д. 1132, л.155.
22. ЦГА РУз, ф.1, оп.31, д. 1132, л. 153-155.

1. ЦГА РУз, ф.1, оп.31, д. 1132, л. 153-155.
2. ЦГА РУз, ф.1, оп.31, д. 1132, л. 54.
3. ЦГА РУз, ф.19, оп.2, д.153, л. 7, 8 .
4. КР УИА кол жазмалар кору. Инв. № 1519(б), 82-84-б.б.
5. Ошондо эле, 23-28,33-б.б.
6. Анарбекова В. Улуттук-боштондук көтөрүлүш: кошоктор жана азаттык идеясы // Илимий эмгектер. Монографиялар. Эскерүүлөр. 1-китеп.Б.: “ Кут-Бер”, 2016, 504-б.
7. Ошондо эле, 505-б.
8. ЦГА КР, ф.1, д. 1133, л.190-191.
9. КР УИА кол жазмалар кору. Инв. № 1519(б), 34-64-б.б.
10. Ошондо эле, 2-8, 10-17, 65-84 - б.б.
11. Восстание 1916 года в Средней Азии и Казакстане: сборник документов. М., 1960, с. 6.
12. Восстание 1916 года. Сб. док. и материалов. Бишкек, 2016, с. 193-194.
13. ЦГИА РФ. ф. 102, оп. 246, д.365, л.165., “ Имею честь донести...” Семиреченские события 1916 года в документах Верненского розыскного пункта. Сб. док./ фонд Санжарбека Данниярова./ Бишкек.: 2024, с. 231.


УДК: 93/94 (575.2) (04)

**Ботобаев Каныбек Калбаевич**
“Кыргызмамжердолбоорлоо” мамлекеттик ишканасынын директордун орун басары

## С.МЕНДЕШЕВ – 1927-ЖЫЛДАГЫ ПАРИТЕТТИК КОМИССИЯДА КЫРГЫЗСТАНДЫН КЫЗЫКЧЫЛЫГЫН КОРГОГОН ИНСАН

**Ботобаев Каныбек Калбаевич**
Заместитель директора Государственного Предприятия “Кыргызгипрозем”

## С. МЕНДЕШЕВ – ЧЕЛОВЕК, ПРЕДСТАВЛЯВШИЙ ИНТЕРЕСЫ КЫРГЫЗСТАНА В ПАРИТЕТНОЙ КОМИССИИ 1927 ГОДА

**Botobaev Kanybek Kalbaevich**
Deputy Director, Kyrgyzgyprozem State Enterprise

## S. MENDESHEV IS A PERSON WHO REPRESENTED THE INTERESTS OF KYRGYZSTAN IN THE PARITY COMMISSION OF 1927.

**Аннотация.** Макалада СССР Борбордук аткаруу комитетинин Секретариатынын 1926-жылдын 21-декабрындагы токтому менен түзүлгөн паритеттик комиссиянын мүчөсү, казак элинин белгилүү атуулу Сейткали Мендешевдин өмүр баяны менен бирге паритеттик комиссияда Кыргыз АССРинин кызыкчылыгын коргогон инсан катары аткарган иштери боюнча тиешелүү архивдик материалдардын негизинде талдоо жүргүзүлгөн. 1927-жылдын 14-февралындагы С. Мендешевдин докладында айтылган сын-пикирлерди эске алып, Паритеттик комиссиянын кабыл алган чечимдерин Бүткүл Россиялык Борбордук аткаруу комитетинин Президиуму толугу менен колдогон.

**Негизги сөздөр:** чек ара, волость, паритеттик комиссия, Орто-Азия, автономия.

**Аннотация.** В статье наряду с биографией члена паритетной комиссии созданной постановлением Секретариата Центрального исполнительного комитета СССР от 21 декабря 1926 года, известного гражданина казахского народа Сейткали Мендешева, был проведен анализ